2008-493

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ (ТЕҢ УЮШТУРУУЧУСУ: К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ)

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 23.07.356.

Кол жазма укугунда
УДК:323+327.5[(575.2

ДУЙШЕНАЛИЕВ ЧЫНАРБЕК

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮКТҮН ШАРТЫНДАГЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК САЯСАТЫ

Адистиги: 23.00.02. - Саясий институттар, этносаясий конфликтология, улуттук жана саясий процесстер жана технологиялар

Саясат таануу илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

БИШКЕК-2008

Иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана социология кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин доктору, профессор **Бекбоев А.А.**

**Расмий оппоненттер:** саясат таануу илимдеринин доктору, профессор **Жоробеков Ж.Ж.**
философия илимдеринин кандидаты, доцент **Алымкулов М.С.**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин философия жана социалдык илимдер кафедрасы

Диссертациялык иш 2008-жылдын "_9__" июлунда саат «_14.00___» дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин саясат таануу жана социалдык илимдер боюнча доктордук (кандидаттык) окумуштуулук даражасын ыйгаруучу Д 23.07.356 Диссертациялык кенештин жыйынында корголот.

Дареги: 720033,Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 394.

Диссертация менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720033,Бишкек шаары, Жибек Жолу көчөсү, 394.

Автореферат 2008-жылдын "_9__" июнунда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент** **Н.А.Өмүралиев**



# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Дүйнө түзүлүштүн дээрлик уңгулуу тармактарын камтып, анын туруктуу өнүгүшүнүн уюткулуу өбөлгөсү болгон экосистеманын учурдагы проблемаларын иликтеп, алардын маңызын аныктоо актуалдуу илимий парадигма экендиги талашсыз. Өткөн чак, учур чак жана келер чактын диалектикасынын тогошуусунун көрүнүшү катары аңдоону талап кылган бул илимий маселе келечектен күдөр үзбөгөн ар бир мамлекетти кайдыгер калтырбайт.

Коомдун экономикалык потенциалы бир бүтүндүктөгү татаал система катары социалдык, маданий жана саясий реформаларды жүргүзүүнүн жана адамзат аң-сезимин тескеген же тескерисинче тескелген «жаратылыш – коом – адам» үчилтик концепциясын аныктаган экологиялык проблемаларды чечүүнүн маанилүү фактору. Ушундан улам Кыргызстандагы азыркы экологиялык оор абал тоталитардык чарбалык системанын табигый натыйжасы экендиги менен түшүндүрүлөт. Ошол мезгилдеги жаратылышты пайдалануу программасы экологиялык өзгөрүүлөрдү, алардын терс кесепетин эсепке алган эмес. Азыр турмуштук кескин зарылдыктан улам акырындык менен жаратылыш менен коомдун ортосундагы диалектикалык карым-катнаштарга аксиологиялык баа берүү ишке ашууда. Ушул себептүү экологиялык кризистин ар кандай проблемаларын кабыл алып, чечүүдө, түшүнүүдө, илимий деңгээлде компоненттүү база болуп бере турган коомдук аң-сезимдин формасын иштеп чыгуу зарылчылыгы келип чыгат.

XXI кылымдагы экологиялык саясат мамлекет үчүн цивилизациялык өңүттө, тарыхый-конкреттүү кырдаалга жараша өнүгүүнүн минималдык шарттарына жооп берген жалпы саясаттын зарыл, ажырагыс бөлүгү. Анткени экологиялык проблемалар объективдүү социалдык-экономикалык өнүгүү нугуна негизделип, учурдагы социомаданий турмуштун нукура жагдайлары менен байланышкан. Ошондуктан экологиялык саясат коомдук аң-сезимдин (социум) социалдык, экономикалык, илимий-техникалык, маданий өнүгүүсү менен тыгыз байланыштагы өтө татаал кубулуш.

Цивилизациялык өнүгүүнүн жалпы «жаратылыш – коом - адам» диалектикалык системасынын жеке компонеттери бири-бири менен өз ара шайкеш келген шарттарда аракеттенгендиктен, илимий жактан инновациялык, методологиялык изилдөөлөрдү талап кылат. Жаратылыштын ресурстарын рационалдуу эмес,

«жырткычтык» менен пайдаланып, иштетүү табияттын комплекстүү деградацияланышына негиз түзөт дагы, жаратылыштагы байлыктардын кайра калыбына келүүсүнө бөгөт болот. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын өнүгүү стратегиясы өндүрүштүн өндүргүч күчтөрүнө ылайыкталып, ишенимдүү келечекке умтулуусу учурдун өктөм талабы. Экологиялык саясаттын башкы максаты – экономиканын өнүгүүсүн айлана-чөйрөгө залалын, терс таасирин тийгизбей турган деңгээлге көтөрүп, жаңы технологиялык базанын негизинде өнүктүрүү болуп саналат.

Экологиялык туруктуулуктун (устойчивость) бузулушуна жол бербөө үчүн айлана-чөйрөнүн абалын илимий-нормативдүү деңгээлге көтөрүү, экологиялык саясатты багыттуу түрдө пайдалануу керек жана жаратылышка түздөн-түз тиешеси бар коомдогу бардык субүектилерди кошо биримдикте карап алардын өз ара карым-катнаш аракетин адекваттуу эс акылдын элегинен өткөрүү зарыл.

Мамлекеттин ишенимдүү өнүгүп, дүйнөлүк мейкиндикке астейдил жуурулушу үчүн, экологиялык саясатты дүйнөлүк стандартка көтөрүү- кечиктирилгис учур талабы. Анткени ар бир өлкө мамлекет катары өз алдынча эркин болгону менен, ал азыркы ааламдаштыруу шартында башкалардан абсолюттук ченемдеги көз карандысыздыкка ээ эмес. Эгерде жалпы дүйнө түзүлүш бир бүтүндүктөгү татаал организм болсо, анын талапка ылайык өнүгүшү үчүн ага тиешелүү бардык компоненттер жалпы нукта максаттуу аракеттениши зарыл.

Экологиялык саясат табиятты коргоо менен байланышкан мамлекеттик, коомдук, ошондой эле бейөкмөт органдардын башкы милдеттүү маселеси, бирок экологиялык проблемалардын мезгил ченемине жараша чечилиши үчүн күчтүү өз алдынча жаратылышты коргоо системасын түзүү жана анын укуктарын камсыз кылып, алардын ишмердүүлүгүн каржылоо жетишсиз. Анткени социалдык-экономикалык өнүгүүлөрдүн жыйынтыгы коомдун бардык жактарына таасирин тийгизбей койбойт, ошондуктан экологиялык саясат коомдук аң-сезимдин айрым бир структурасы катары гана болбостон, айлана-чөйрөгө байланыштуу болгон мамлекеттик саясатты камтыйт. Мамлекеттин бүтүндүгү, келечеги, ошондой эле эл аралык кадыр-баркы ал жүргүзгөн экологиялык саясатка түздөн-түз байланыштуу.



Коомдун эко аң-сезими өзгөрмөйүн, экологиялык проблемаларга саясатчылардын жана бийликтин өлчөнүү кайрымы жетишсиз. Ошондой эле экологиялык идеялардын өнүгүшүн коомдук аң-сезимдин ар түрдүү формалары жана материалдык факторлор менен гана чектөө чындыкка шайкеш эмес.

Экологиялык абалы курч аймактардагы кыргызстандык жарандардын жаратылышты коргоо иштерине көңүлкош мамилелери алардын күнүмдүк жашоо проблемалары менен көбүрөөк алагды болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Ушундан улам ар дайым коомдук уюмдардын профессионалдык деңгээлине жана алардын экологиялык проблемаларды чечүүгө активдүү көмөктөшүнө шарт түзүү кажет жана ошонун натыйжасында гана коомдук экологиялык консолидация түзүлүшү мүмкүн. Табият менен коомдун, жеке инсан менен адамзаттын кыйма-чийме татаал диалектикалык алакасы белгилүү деңгээлде алдын ала ойлонуп түзүлгөн ыраattуу уюштуруу иштерине байланыштуу, болбосо келечектин пайдубалы азыркы экологиялык кырдаал күнүмдүк «көр» турмуштун көлөкөсүндө калышы мүмкүн.

Жалпы адамзаттык маданияттын негизги бөлүмү болгон экологиялык маданият – белгилүү деңгээлдеги экологиялык саясаттын субстраты адамдардын адеп-ахлактык баалуулугу гана болбостон, коомдун (социум) ишмердүүлүгүнүн, уюштуруучулугунун жана экосистемага ыңгайланышуусунун жобосу. Экологиялык саясатты формага келтирүү социалдык-экономикалык жана социалдык маданий чөйрө, улуттук менталитет жана башка факторлор менен шартталган. Ошондуктан азыркы саясат таанууда (политологияда) экологиялык саясаттын социалдык статусуна өзгөчө маани берилип, ал коомдун жана жаратылыштын коэволюциялык өнүгүүсүн камсыз кылып турган зарылдык катары каралууда. Жалпысынан экологиялык саясат же анын конституенттери (компонеттери) дүйнөлүк мейкиндикти камтыган масштабдуу илимий-социалдык проблема жана аны иликтөө адамзаттын келечегин аныктоо менен байланыштуу. Ушундан улам экосистеманын тең салмактуулугун камсыз кылууга арналган ар бир иш-чара (илимий-практикалык) планетардык парадигманын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

Жогоруда келтирилген агрументтер изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун аныктап, саясий илимий изилдөөлөрдүн эффективдүүлүгүн арттырууну шарттайт.

**Изилдөөнүн иштелип чыгуусунун даражасы.** Коомдун илгерилеп-кечендеген катаал өнүгүү процессинде анын конкреттүү-тарыхый кырдаалдары менен байланышкан татаал проблемаларды камтыган түйүндүү суроолор пайда болот жана аларды түшүнүк деңгээлине жараша чечмелеген жоромол-концепциялар жаралат. Ошентсе да экологиялык проблемаларды фундаменталдуу нукта изилдөө XXI кылымдын экинчи жарымынан башталат. 1972-жылы Стокголнмдогу БУУнун конференциясында адамзатты курчап турган чөйрөнүн абалы тууралуу жана цивилизациянын өнүгүү перспективасы боюнча маселе каралып, атайын «БУУнун айлана-чөйрө боюнча программасы» иштелип чыккан.

Бул эл аралык концептуалдык документте адамзат кеңири пайдаланган жаратылыштын ресурстары азайуу коркунучунун алдында тургандыгы өзгөчө мааниде белгиленген. Глобалдык өнүгүүлөрдү, анын экологиялык натыйжа-таасирин иликтеп, экосистеманын ар түрлүү моделин түзүү аракети Ю.Одумдун, Д.Медоуздун, А.Тойнбинин, В.И.Вернадскийдин ж.б. эмгектеринде каралат. Экологиялык проблемалардын глобалдык көрүнүштөрүн моделдештирүү биримдүүлүк жана фундаменталдуулук концепциясынын (теориясын) ачылышына түрткү болот.

Экологиялык проблемаларды изилдөөнүн андан аркы кадамдары социалдык-экономикалык, маданий программалардын иштелип чыгышынын натыйжасында пайда болгон жыйынтыктарга көз каранды болот. Ошондой эле, айрыкча белгилей кетчү нерсе экологиялык проблемалардын социалдык жана экономикалык аспектилери, алардын онтогенездик жана филогенездик негиздери төмөнкү Россиялык окумуштуулардын изилдөөлөрүндө өнүккөн: Ерофеев Б.В., Гирусов Э.В., Данилова-Данилнян В.И., Горшков В.Г., Арский Ю.М., Лосев К.С., Красилов В.А., Зверев И.Д., Комаров В.Д., Урсул А.Д., Федоров Е. ж.б.

Жаратылышты коргоонун ар кыл аспектилери боюнча Кыргызстандык саясий, өзгөчө философиялык илимдер боюнча адистер тарабынан жарык көргөн жетишээрлик көлөмдөгү адабияттар бар.



«Жаратылыш – коом – адам – инсан» проблемалары боюнча изилдөөлөргө Кыргызстандын окумуштууларынын жасаган эмгектери зор. Т.А.Абдылдаев, С.А.Аманов, У.А.Асанова, А.Байбосунов, К.Байбосунов, А.Бакаев, А.А.Бекбоев, К.Бөкөнбаев, М.Жумагулов, С.Жумаканов, С.Жылкычиев, Б.Кенжебаев, В.Ладейшников, Г.Мамбеталиева, А.Подгурский, Ж.Саякбаева, О.Тогусаков, А.Токтосунов, Э.Шукуров сыяктуу адистердин эмгектеринде экологиялык аң-сезимдин түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, коом менен жаратылыштын ортосундагы байланыштын ишмердүүлүгүнүн принциптери изилденет. Ошентсе дагы экологиялык саясаттын түзүлүшүнүн механизмин анализдеген эмгектер жокко эсе. Ушундан улам диссертация иретинде сунуш кылынып жаткан бул эмгек аталган проблемалуу багытты изилдөөгө арналган.

**Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты.** Эгемендүүлүктүн шартындагы биздин республикабыздын экологиялык саясатынын калыптаныш процессин, татаал табиятын иликтеп, анын азыркы учурдагы «жаратылыш – коом - адам» үчилтигинин чыныгы абалы менен айкалышын аныктоо болуп эсептелет.

**Бул максатка жетүү төмөндөгүдөй милдеттерди чечүүнү шарттады:**

- Экологиялык саясаттын теоретикалык-методологиялык негиздерин аныктоо;
- Коомдук аң-сезимдин формаларынан экологиялык саясаттын ордун тактоо;
- Кыргызстандагы экологиялык абалдын келечегин, социалдык-экономикалык, саясий, маданий-укуктук жана идеологиялык факторлорун тастыктоо;
- Укуктук коомдогу экологиялык уюмдардын жаратылышты коргоодогу ордун тактоо;
- Кыргызстандагы экологиялык саясаттын аксеологиялык ченемдерин коомдук мамилелер системасынын алкагында кароо;
- Экологиялык билимдин жана тарбиянын маанисин экологиялык саясаттын калыптанышындагы ордун ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн предмети.** Эгемендүү Кыргыз Республикасынын экологиялык саясатынын маңыз-мазмунун адекваттуу аңдоо аркылуу анын табиятын, мүнөзүн жана калаптанышын конкреттүү-тарыхый кырдаалга жараша иликтеп келечегин аныктоо, ошондой эле аны мезгилден жаралган татаал бүтүндүк

катары карап, анын айрым бир багыттарын (бейөкмөттүк жана билимий) конкреттештирүү.

**Изилдөөнүн предмети.** Соңку илимий-методологиялык жобо-концепцияларга таянып, логико-гносеологиялык каражаттарын ичине жараша колдонуу менен изилдөөнүн максатын жүзөгө ашыруу.

**Изилдөөнүн теоретикалык жана методологиялык негиздери.** Иште коюлган проблеманы чечүүдө изденүүчү жалпы байланыш, өнүгүү, карама-каршылык, себептүүлүк, тарыхыйлуулук, объективдүүлүк сыяктуу диалектиканын негизги принциптерине таянды. Ошондой эле изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый-салыштырма, анализ, синтез, индукция, дедукция жана башка жалпы логикалык методдор; цивилизациялык, тарыхый социомаданий өнүгүүлөргө аксиологиялык принциптин контексинде конкреттүү мамиле жасоо, системалуулук, бүтүндүк жоболору колдонулду.

**Диссертациялык эмгектин негизги булактык базасын** Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана нормативдик-укуктук актылары; эксперттик жана массалык социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгы; Кыргыз Республикасынын статистика боюнча улуттук агенствосунун маалыматтык булактары түздү.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык иштеги жалпыланган концептуалдуу жоболор кыргыз элинин атуулдарынын болмуштагы дүйнө таанымын өздөштүрүүгө, демократиялык, жарандык коомду түзүүгө багыт алган көз карандысыз Кыргызстандын социалдык – маданий турмушунун азыркы кездеги мазмунун, багытын байытууга, улуттук кайра жаралуунун тенденцияларын аныктоого жигердүү салым кошмокчу.

Ошону менен бирге диссертациянын теориялык-методологиялык илимий жыйынтыктарын, материалдарын төмөндөгүдөй: саясий география, экология, саясат таануу, билим берүүнүн философиясы, табият таануунун концепциясы, укук таануу, мындан тышкары жаш муундарды атуулдукка, нравалуулукка тарбиялоо боюнча жалпы жана атайын курстарда пайдаланса болот.

ЖОЖдун окуу пландарында каралган айрым лекция жана семинардык сабактардын “Адам экологиясы жана космос”, “Биосфера – тиричилик чөйрөсү”, “Табият - философиялык ойломдун предмети” сыяктуу темаларында пайдаланылып, улуттук, руханий маданияттын маңызын терең ачууга өбөлгө түзөт.



**<u>Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыктары.</u>**

Кыргызстандын өнүгүшү үчүн өтө маанилүү парадигма катары экологиялык саясаттын табиятын адекваттуу аңдап, анын калыптанышынын социалдык-саясий факторлору комплекстүү анализденип, учурдагы «адам – коом - жаратылыш» үчилтигинин карым-катнашы такталды. Ошондой эле экологиялык стратегия менен азыркы мамлекттик саясаттын канчалык деңгээлдеги шайкештиги дааналанып, коомдук, бейөкмөттүк уюмдар ошондой эле билим берүү процесси аркылуу экомаданияттын түптөлүшү конкреттүү-тарыхый маалыматтарды жалпылоо аркылуу далилденди.

**Жаңылыктын манилүү элементтери:**

-«Экологиялык саясат» түшүнүгүнүн мазмуну жана маңызы ачылып изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык аңыз-караштарга айкындалды;

-Кыргызстандагы экологиялык абалдын алкагында анын соцалдык, саясий, маданий, укуктук конситуенттери изилденген;

-Кыргызстандагы экологиялык кризистин булактары такталып, мамлекеттик экологиялык саясаттын илимий парадигмалары аныкталды;

-Экологиялык саясаттын себептери, адам ишмердүүлүгүнүн контекстинде тастыкталды;

-Экологиялык саясат дүйнөтүшүлүштүн обүективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн мерчемдүү көрүнүшү катары саясий институттарда олутуу орду бар экендиги жана ал демократиялык принциптерге негизделген жарандык коомдун шартында өзгөчө статуска ээ болору далилденди;

-Айлана-чөйрөнү оргоого багытталган мыйзамдарга, мыйзамдык актыларга негизделген обүективдүү, субүективдүү тенденциялар анализге алынды;

-Кыргыз Республикасынын экологиялык саясатынын социомаданий ченемдери негизделди.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор:**

1. Экологиялык саясаттын тарыхый эволюциясы кылымдарды камтыганы менен анын атайын өз алдынча статуска айланышы соңку мезгилдерде жүзөгө ашкан. Табият менен коомдун карама-каршылыгы, алардын ортосундагы тең

салмактуулуктун бузулушу бул маселени учурдун курч проблемасына айландырды.

2. Экологиялык саясаттын бүгүнкү күндөгү чектелген мүнөзү жана айрым такталбаган гносеологиялык маңызы анын саясаттануу боюнча илимий жоболордун негизинде реконструкцияланышын шарттайт.

3. Экологиялык кырдаалдын улам барган сайын төмөндөшү, калктын миграциялык абалынын курчушу; табият ресурстарынын жакырданышы ар кандай социалдык-саясий конфликтердин себептери экендиги талашсыз. Экологиялык проблемалардын күч алып өсүүсү айлана-чөйрөнү коргоо концепциясынын алңтернативдик парадигмасы. Ошондуктан экологиялык кырды - бычак ситуацияны соңку илимий жетишкендиктерге таянып акыл-эстин элегинен өткөрүп, рухий катарсис аркылуу табият менен коомдун өз ара алакасын оптималдаштыруу зарыл.

4. Экологиялык саясатты негизинен экономикалык, юридикалык мыйзамдар аныктайт, алар айлана чөйрөнү коргоого жана жаратылыштык ресурстарды колдонууну бир калыпка келтирүүгө багытталат. Экологиялык эволюция менен экологиялык тобокелчиликтин карым-катнашы коомдук аң-сезимдин өр тартышы жана билим дэңгээлинин жогорулашы менен жөнгө салынат. Экологиялык фактордун өндүрүшкө карата терс таасири аркылуу пайда болгон табигий-социалдык кризистен чыгуу коомдук институттардын активденишине байланыштуу.

5. Советтик экологиялык саясаттын калдыктарынан арылыш үчүн мыйзамдарды, мыйзамдык актыларды Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шартына ылайыктап, экологиялык проблемалардын чечүүлүсүн алңтернативдик варианттарын, технологиялык өзгөрүүлөрдү, ресурсту коргоочу технологияларды даярдоо зарыл.

6. Кыргызстандагы бейөкмөт уюмдар менен өкмөттүн ишмердүүлүк байланыштары азыркы учур үчүн жетишээрлик дэңгээлде эмес. Мамлекет тарабынан экологиялык уюмдар колдоого муктаж, анткени алар саясий күчтөрдүн балансын өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

7. Экологиялык билимдердин системасы социалдык маданий детерминант катары өнүгүүдө. Бул фактор аркылуу экологиялык маданияттын аксиологиялык маңызы байып



экологиялык катаал абалдын жандырылышына шарт түзүлөт, коом менен табияттын алакасы эс-акылдын ченеминде болот.

**Диссертациянын апробацияланышы.**

Диссертациянын негизги материалдары автор тарабынан 1987 – жылы Киев шаарында өткөн «Агроөндүрүштүк комплекстин өнүгүшү жана экология проблемалары» аттуу илимий - практикалык конференцияда, 1990 – жылы Ош шаарында уюштурулган «Айлана-чөйрөнү коргоонун проблемалары жана рационалдуу жаратылышты пайдалануу» аттуу жаш окмуштуулардын республикалар аралык илимий-теоретикалык конференциясында, 2002-жылы Бишкек шаарында өткөн «Тоолуу аймактарда туризмдин өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү» аттуу тоолордун жылына арналган эларалык конференцияда, Бишкек шаарында 2006-жылы болгон «Экологиялык коркунуч жана биоартүрдүүлүктү сактоо» аттуу эл аралык конференцияда, 2007 – жылы өткөрүлгөн «Кыргызстан мугалимдеринин II съездинде» жана башка көптөгөн илимий конференцияларда апробацияланды. Ошондой эле бул изилдөөнүн концептуалдык жалпылоолору студенттерге дарс окууда жана экологиялык проблемаларды чечүүгө арналган долбоорлорду түзүүдө пайдаланылып, макалалардын цикли катары жарыяланды.

**Диссертациянын түзүлүшү.**

Диссертация киришүүдөн, эки баптан, төрт параграфтан, корутундудан жана пайдланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Диссертациялык иштин негизги мазмуну.** Киришүүдө теманын актуалдуулугу аныкталып, аны изилдөө даражасы мүнөздөлдү, иштин максаты менен негизги милдеттери коюлду, изилдөөнүн ишинин обнектиси менен предмети тастыкталды, анын теория – методологиялык өбөлгөлөрү, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, апробацияланышынын негизги формалары көрсөтөлдү.

**Биринчи** бап **«Экологиялык саясатты изилдоонңн илимий методологиялык негиздери»** деп аталып, ал эки параграфтан турат.

**Биринчи параграф.** «Айлана-чөйрөнү коргоо жана анын коопсуздугу жөнүндөгү көз караштардын эволюциясы». Экологиялык билимдердин пайда болушу жана алардын айлана-чөйрөгө карата мамилеге жараша өсүп өзгөрүп туруусу

байыркы мезгилдер менен байланыштуу. Алгач айлана-чөйрөнү кабыл алуу стихиялык эмпирикалык мүнөзгө ээ болуп, адам баласы жаратылыш менен болгон байланышын бекемдөөгө умтулган.

Табият менен коомдун алакасын философиялык жактан жалпылоо жаңы мезгил менен байланыштуу, айталы англиялык философ Ф. Бэкондун (1561 - 1626) пикири боюнча билимдин, илимдин өнүгүүсү аркылуу адамдын жаратылышка болгон бийлигин күчөтүү керек. Мындай концепциянын жаралышы жана мазмуну ошол доордун конкреттүү-тарыхий өзгөчүлүктөрүнөн улам жаралганы түшүнүктүү.

Агартуучулук доордо адамзаттын аң-сезимине, анын чексиз мүмкүнчүлүктөрүнө жана табигый илимдерге болгон ишеним артат. Француз агартуучусу П.А.Гольбах (1723 - 1789) адамды жаратылыш менен биримдикте карайт, башкача айтканда, ал: «Адам жаратылыштын чыгармасы болуп туруп өзүнүн жашоосун жаратылышсыз элестете албайт» - деген.

Соңку мезгилде италиялык экономист, өндүрүштү башкаруу боюнча адис А.Печчеинин демилгеси менен Римде он өлкөдөн келишкен 30тан ашуун окумуштуулар тобу чогулган. Ал топко кийинчерээк табигый илимдин өкүлдөрү: математиктер, экономисттер, социологдор, өндүрүчүлөр, окмуштуулар, мамлекеттик мекеменин кызматкерлери кирген. Бул топ «Рим клубунун докладдары» аттуу серияны чыгарып, ал «адамзаттын кыйынчылыктары» деген жалпы атка ээ болгон. Докладдын биринчиси: «Өсүү чеги» 1972 – жылы Массачусетс университетинин окмуштуулары тарабынан жана жубайлар Д. Д. Медоуздар тарабынан даярдалган. Мындан тышкары аталган топко кирген адистер Дж.Форрестер тарабынан иштелип чыккан системалык анализдин жардамы менен глобалдык моделдерди түзүшкөн.

Жер шаарынын ар кайсы тарабынан орун алган аймактардагы экологиялык проблемалары ар кандай, аларга түпкүлүгүндө кандайдыр жалпылыктар мүнөздүү болгону менен алар бири-биринен маңызы болбосо да, формасы менен айырмаланып турат. Бирок ошентсе да алардын түпкү маңызын аныктаган мыйзам ченемдер «глобалдык кризис» деп аталган феноменди жараткандыгы жогоруудa белгиленген топтун көңүл борборунда болгон. Алар эгерде аалам инерция боюнча



«пассивдүү» өнүгө берсе, мындай өнүгүүнүн аягы орду толгус өксүктөргө алып келээрин баса белгилешкен.

Кийинчерээк экология жаатындагы белгилүү адис Р. Уллман «коопсуздук» түшүнүгү аскердик мааниден башка дагы маанини билдирээрин далилдеп, аскердик эмес идеяларды улуттук коопсуздук менен жуурулуштуруу талаш жаратаарын белгилеген. Ошондой эле өлкөлөрдөгү калктын санынын өсүшү жана чек аралык миграция ар кыл конфликтерди пайда кылат деп эсептеген. Өткөн кылымдан 70-жылдардын башындагы нефти жаатындагы кризистер улуттук коопсуздуктун аныктамасын толуктоо зарылдыгын жаратты. Ресурстардын жетишпегендиги эл аралык конфликтерди жана ич ара кооптуу абалды жаратары айкындалып, экологиялык саясаттын дагы бир маанилүү аспектиси дааналанган.

Кээ бир окумуштулар жаратылыштык ресурстардын жетишпегендигин эл аралык конфликти (коопсуздукту) жарата албайт деп эсептешет. Мисалы, Липшуц менен Холдрен кайра калыбына келбей турган ресурстарды (нефтң жана түрдүү кен-байлыктар) эл аралык конфликт жаралбайт, ал таза аба, таза суу жаатты менен байланыштуу дешкен. Майерстин пикиринде коопсуздук өлкө жаранынын деңгээлинде болот, бул адамдын ички абалы, мындай болгондо жалпылык жекеликтин көлөкөсүндө калат.

Дагы бир эколог-адис Мэтңюз айлана-чөйрө маселелери жөнүндө ой толгоп озон катмарынын залакасына, климаттын жылуу болушуна, токойлордун азайышына, ресурстардын жетишпестигине жана аймактык деградацияга олуттуу көңүл бурган. Анын катмарланган концепциясынын негизинде өкмөт аралык уюмдар түзүлүп, алардын ишмердүүлүгү башат алган.

Т. Хомер-Диксон өзүнүн изилдөөсүнүн негизинде «айлана-чөйрөдөгү ресурстардын жетишсиздиги мамлекеттин ички чатак-айыңдарынын негизи жана себеби» - деген жыйынтыкка келген. Бул «улуттук – субъекттик», «таралуучу» жана «үзгүлтүксүз» деп мүнөздөлгөн конфликт башкача айтканда элдин экологиялык кыймылы менен жарандык наааразылыгы - ресурстардын жетишсиздигинин экономикалык өндүрүшкө терс таасиринин көрүнүшү. Мындай ички конфликттер мамлекеттин кыйрашына же, тескерисинче, авторитардык мамлекеттин күчөшүнө алып келет.

Айлана-чөйрөнү деградацияланышын сындоо - коопсуздук проблемасы жалпы улуттук мааниге ээ. Деген менен «коопсуздук», «улуттук кооопсуздук» түшүнүктөрү концептуалдык жактан бири-бирин алмаштыруу касиетине ээ. Бул аталган эки түшүнүктүн диалектикалык биримдиги, танууну тануу жобосунун негизинде «коопсуздук» проблемасынын көп катмарлуу табиятын аныктап, өз ара байланыш-кызматташтыктын кандайдыр жаңы үлгү-моделин жаратат.

Дүйнөнүн айрым бөлүктөрүндө суу кооптуу абалдын булагы болушу мүмкүн, анткени климаттык өзгөрүүлөрдүн негизинде энергетикалык жана суу ресурстарына болгон талап өсүп өнүккөн өлкөлөрдүн жашоо стилин көчүрүп алуу же тууроо адатка айланууда. Бул процесс барып келип элдик менталитеттин табигый каршылыгын жаратып, анын натыйжасында социалдык конфликтин дагы бир түрү пайда болууда.

Белгилей кетүүчү нерсе «суу коопсуздугу» айрыкча Борбордук Азияда курч абалда. Аймактын пахта, күрүч айдалган аянттардын 85 % суу ресурсун керектейт, ушундан улам Амур дарыя менен Сыр дарыяга ыргытылган агрохимикаттар 28 млн. тоннага жеткен. Ошондуктан суу ресурстарынын жетишсиздиги аталган аймакта батыш эксперттери тарабынан эл аралык чатактын негизги булагы болуп эсептелет. Суу дисбалансы аймакта саясий кризис жаратышы мүмкүн, себеби сууну «тескөө» «агымы боюнча жогоруу жактагы» (Кыргызстан, Таджикстан) жана «ылдыйкы» (Өзбекстан, Казакстан, Түркмөнстан) мамлекеттердин кызыкчылыктары менен байланыштуу.

Демек бирине-бири көз каранды болгон дүйнөдөгү экономикалык жана экологиялык өнүгүүлөр жарандарга коркунуч туудурат. Жаратылыштын абалынын начарлашы калктын миграциясына, ресурстардын жетишсиз (дефицит) болушуна жана конфликттердин жаралышына алып келет. Планетанын экологиялык бүтүндүгү жана адамзаттын жашоосунун бакубаттуулугу саясаттын реформаланышын, айлана-чөйрөнүн корголушун талап кылат.

Бул табиятты коргоо боюнча ар кыл көз караштарды «субардинация» жобосунун негизинде учкай белгилеген, «коопсуздук», «улуттук коопсуздук» түшүнүктөрдүн андоого арналган параграфты жыйынтыктап, экологиялык саясат эволюциалык мүнөзгө ээ экендигин, ал конкреттүү-тарыхый доорго жараша ар кандай формада болгондугун баса белгилөө зарыл. Жөнөкөй эмпирикалык түшүнүк-түшүнүмдөр концептулдык жактан татаал, бири-бири менен тектеш жана кайчылаш «коопсуздук», «улуттук коопсуздук» парадигмаларын жаратып эл аралык масштабындагы демилгелердин арбышына алып келип, экологиялык саясаттын глобалдык мүнөзүн аныктаган.



**Экинчи параграф.** «Экологиялык саясаттын маданий – стратегиялык мүнөзү».

Илимий техникалык прогресстин ылдамдатылышы жана анын айлана – чөйрөгө тийгизген таасири жаратылыштагы өзгөрүүлөргө алып келери аксиома. Ошондуктан учурдун күн тартибинде жалпы коомдун маданий денгээлин жогорулатуу менен өтө курч стратегиялык проблема – экологиялык кырдаалды саясий жактан туура жөнгө салуу оздуу олуттуу маселе турат. Бекеринен белгилүү адис В. И. Вернадский биосфера менен ноосферанын диалектикасы экомаданияттын стратегиялык маңызын аныктаарын баса белгилебесе керек.

Бүгүнкү күндөгү башкы маселе – планетаны каңгырап бош калуудан сактоо, биосферанын туруктуулугун кармап калуу, экологиялык катострофаларга бөгөт коюу, социалдык реалдуу системаны функционалдаштыруу, «конфрантация философиясын» «өз ара байнанышуу» философиясына айландыруу.

Бул маселелерди конструктивдүү түрдө чечүү үчүн бир катар же төмөндөгүдөй маанилүү социалдык-маданий чектөөлөрдү ишке ашыруу керек:

- Биринчиден, техногендик-индустриялдык цивилизация маалыматтык-экологиялык ноосфералык цивилизацияга орун бошотуп, адамзат «планетардык аң-сезимдүүлүккө» ээ болуусу зарыл, башкача айтканда дүйнөлүк коомчулук жана ар бир мамлекетбир максатты көздөп, гармонияга умңулуп, бир бүтүндүк катары аракет кылышы абзел.
- Экинчиден, жаратылышты техногендик өздөштүрүү, биосферанын глобалдык деградацияланышы, саясаттын экспанцияланышы примитивдик антропоцентризмден баш тартууну талап кылат.

Демек, жаратылышты чексиз нерсе катары кабылдабай, тескерисинче, коомдун маданий деңгээлин арттыруу менен, анын табиятка болгон «орой» мамилесин маданиятташтыруу зарыл, мажес антроцентристтик үстөмдүк глобалдык аң-сезимдүүлүк

менен алмаштырылышы – турмуштук зарылдык. Табияттан «алганды» гана билбестен, ага «бере» да билиш керек экендиги коомдук өнүгүш улам өр тарткан сайын айрыкча таасындалууда.

Азыркы этапта экологиялык саясаттын көп кырдуу вектору айлана-чөйрөнү башкаруу системасын аныктоо болуп саналат жана ал жаратылыштык ресурстарды колдонууну жөнгө салуу, зарыл экономикалык механизмди түзүү, жаратылышты колдонууну жакшырта турган илимий-техникалык прогрессти өнүктүрүү аркылуу ишке ашат.

Социалдык кайра жаралуулар жана илимий – техникалык прогресс бир – эки муундун көз алдында планетанын көрүнүшүн сапаттуу өзгөрттү. Жаратылышка камкор мамиле жасоону камсыз кылуу үчүн экологиялык билимдерди жайылтууну жакшыртуу; жаратылышты коргоо мыйзамдарын, экологиялык укуктук документтерди талапка ылайык деңгээлге көтөрүү абзел. Экологиялык саясаттын маңыздуу мүнөзүн аныктаган иштин бул бөлүгүн жалпылап, коомдук мамилелердин бири-бири менен тыгыз байланыштагы системасын ырааттуу жөнгө салууга багытталган жалпы мамлекеттик саясаттын приоритети «табият – коом - адам» үчилтигин учур талабына жараша айкалыштыруу экендигин баса белгилөө зарыл. Экологиялык саясат, бул өнүттөн, стратегиялык мааниге ээ жана ал качан гана чыныгы адамдын нарк-насилдин нугуна түшкөндө гана өз максатына жетет.

Экологиялык билимдерди жайылтуунун үзгүлтүксүздүгү - заманбап экологиялык саясатты жүргүзүүгө өбөлгө болот. Мамлекеттик экологиялык саясаттын маанилүү багыты болуп-экономикалык механизмди формалдаштыруу эсептелет.

Мамлекеттик кызматкерлер экологиялык жактан билимдүү болгон учурда коомго жаратылышты коргоо алда канча оңой болот. Ошондуктан, экологиялык, экологиялык билим жана тарбия дүйнө таануунун маанилүү бөлүгүн түзөт.

**Экинчи бап «Экологиялык саясаттын табияты жана стратегиясы»** - деп аталып өз ичине эки параграфты камтыйт.

**Биринчи параграф.** «Экологиялык саясаттын калыптанышы: бейөкмөттък уюмдардын ишмердүүлүгү жана экобилим». Экологияны жөнгө салуу системасынын маанилүү булагы коом тарабынан экологиялык кызыкчылыктарды таануу болуп эсептелинет. Ошондо гана экология жаатындагы мамлекеттик саясат коом тарабынан колдоого ээ болот.



Башкарып турган бийликтин саясий эрки жок болсо практикалык кадамдар өтө мажес татаал болот. Коомдун укуктук маданияты өтө төмөнкү деңгээлде жана калктын негизги бөлүгү саясий жактан пассивдүү болушу-коомдун аң-сезиминин бүгүнкү экологиянын өнүгүшүнө тийгизген таасирин чектейт.

Кыргызстан экологиялык маалыматты камсыз кылуу жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатында чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу үчүн Орхус конвенциясына кол койду. Бул конвенцияга ылайык, өкмөт улуттук саясий уюмдарга жалпы максаттарга жетүү үчүн ратификация учурунда финансылык колдоо көрсөтүүгө милдеттүү.

Кыргыз Республикасында «Сорос-Кыргызстан фондусу» тарабынан каржыланган экологиялык улуттук саясий уюмдардын ассоцациясы иш жүргүзүп келет.

Конституцияда «коомдук бирикмелердин бардыгы мыйзам алдында бирдей. Мамлекеттин коомдук бирикмелерге мыйзамсыз түрдө кийлигишүүсүнө жол берилбейт жана коомдук бирикмелердин мамлекеттин иштерине кийлигишүүсүнө тыюу салынат» - деп белгиленген. Ошондуктан коомдук бирикмелер мамлекеттин жүргүзгөн иштерине түздөн-түз кийлигишүүгө акылары жок.

Ошентсе да бейөкмөттүк, коомдук уюмдар мамлекеттик саясатты кескин сынга алып, алардын кадыр-баркы эл арасында өсө баштаганда бийлик өз мүмкүнчүлүктөрүн колдонбой койбой тургандыгын турмуштук тажрыйба көрсөтүүдө. Натыйжада көз карандысыз басма сөз каражаттарына жана оппозициялык маанайдагы партияларга кысым көрсөтүлүп, алардын айрымдары өз иштерин токтотууга мажбур болушат. Алңтернатива иретинде бийлик таламын талашып, оппозицияга күрөшө турган коомдук уюмдар, партиялар жаралды. Мындай кырды-бычак, кайчылаш процесстер демократиялык түзүлүштүн саясий жолу канчалык татаал экендигин айгинелеп турат.

Либералдык-демократиялык режимдин өкмөттүк эмес уюмдардын институттарын таануусу алардын карым-катышын татаалдандырбайт. Өкмөттүк эмес, алңтернативдик көзкараштагы уюмдардын позицияларын бекемдөө, алардын санын көбөйтүү маселеси мамлекет тарабынан анын коомго тийгизген алсыз таасири катары эсептелет.

Азыркы дүйнөдө эки глобалдык процесс жүрүүдө: жалпы экономикалык-экологиялык интеграция жана улуттук

цивилизациялык самоидентификация. «Кыргызстандын идеологиялык» программасында «турмуш бизге андан аркы ички өзгөрүүлөрдү айтып турат, көрүнүштөрдүн жана процесстердин маңызына көз-караштарды өзгөртүп турат, өзүн курчап турган дүйнөгө катышты мамлекеттик жана жеке деңгээлде өзгөртүп турат», -деп белгилеген.

Арийне мындай турмуштук өзгөрүүлөрдү зирек сезип, алдын ала коомдун келечек багытын аныктоодо жогоруда белгиленгендей бейөкмөттүк уюмдардын мааниси зор. Мындан тышкары ишибиздин өткөн бөлүктөрүндө учкай белгиленген билим деңгээлине жараша экологиялык саясаттын эффективдүүлүгү артаары түшүнүктүү. Айтор, бейөкмөттүк уюмдардын ишмердүүлүгү жана сапаттуу экобилим экологиялык саясаттын учурдагы табиятын, анын обүективдүү мыйзамченемдүүлүктөрү менен бирге аныктап турат. Тескерисинче, экологиялык анык кырдаал бейөкмөттүк жана билим берүү мекеме-уюмдардын иштиктүү аракетин багыттап турат.

Байыркы мезгилдерде эле Демокрит жана Аристотелн сыяктуу философтор жаратылышка камкор мамиле керектигин таасын далилдеп келишкен. Алар адам ар дайым жаратылыштан үйрөнөт: жөргөмүштөн токуганды, чымчыктардын сайраганынан ырдаганды жана башка көптөгөн нерселерди үйрөнөт дешкен. Агартуу доорунун улуу ишмери Ж.Ж.Руссо жаратылыштын негизинде табигый тарбиялоону жактаган. Бул көзкарашка белгилүү орус окумуштуусу К.Д.Ушинский мектеп тартибине жаратылыштан керектүү нерселерди алса болот» деп кошулган. Ал эми В.А. Сухомлинский адам менен жаратылыштын байланышын тарбиялоо процессинде колдонуу керек, анткени адам – жаратылыштан жаралган деген ойду астейдил белгилеген.

Экологиялык билимдин жалпы максаты – экологиялык саясатты формалдаштыруу. Бул проблеманы чечүүнүн негизги жолдору төмөнкүлөр:

1. Коомдук-илимий жана коомдук-гуманитардык билимдерди интеграциялоо;

2.Экологиялык аң-сезимди жана ой-жүгүртүүнү формалдаштыруу аркылуу жаратылышты нравалык – эстетикалык түрдө кабыл алуу;

3. Айлана-чөйрөгө жоопкерчилик менен мамиле кылууга окуучуларды тарбиялоо.



Теориялык даярдык менен активдүү практиканын айкалышы айлана-чөйрөнү коргоонун негизги шарты болуп эсептелет. Билимсиз экологиялык демилгелердин ажаты ачылбайт, ал эми практикасыз билим өз максатына жетпейт: экологиялык абал барган сайын курчуй берет.

Экологиялык жактан сабаттуу адам экологиялык коркунучтарды азайтууну көздөп, жаратылышка зыян келтирбей, чарбаны жүргүзүүгө белсенет.

Биздин оюбуз боюнча Билим берүү Министирлиги экологиялык билимдин улуттук стратегиясын даярдоосу зарыл. Ал айлана-чөйрөнү коргоого арналып, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын, экологиялык билимдердин жалпылыгын жана үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылган мектепке чейинки мекемелерди, жалпы орто билим берүүчү мектептерди, профессионалдуу – техникалык окуу жайларын, жогорку окуу жайларын өзүнө камтыйт. Мындай стратегиялык мааниси бар документ иштелип чыкса, анда анын негизинде экологиялык саясаттын таасирдүүлүгүн арттыруунун бирден-бир жолу – экологиялык билим берүүнүн ырааттуу концепциясын (стратегиясын) иштеп чыгуу зарыл.

Жалпысынан алганда, Кыргызстанда экологиялык билим берүү жана тарбиялоо боюнча иштер жүргүзүлүп жаткандыгына карабастан, экологиялык илимий тармакты конкретизациялоо зарылдыгы бар. Билим берүү өзүнүн маңызы боюнча идеологиялык мүнөзгө ээ, ал эми экологиялык билим ири алды менен дүйнөтаануучулук жана гуманисттик дүрмөткө ээ.

**Экинчи параграф.** «Экологиялык коопсуздуктун саясий-стратегиялык реконструкциясы». Кыргызстандагы экологиялык абал экологиялык проблемалардын көп түрдүүлүгү боюнча ири масштабга ээ. Алардын ичинен актуалдуу деп топурактын деградацияланышы, таза суунун дефицити, экологиялык бузук зоналардын кеңейиши жана биологиялык ар түрдүүлүктүн кыскарышы белгиленет.

Экологиялык билимдин жана агартуунун төмөнкү деңгээлде болушу, керектүү маалыматтардын жетишсиздиги экологиялык маданияттын төмөндөшүнө алып келет.

Узак убакытка созулган стратегия аны реализациялоо этаптарын ичине камтышы абзел, ал үчүн өз максаттары, өзгөчөлүктөрү, маселелери болушу керек жана аларга улуттук

саясаттын, тагыраак айтканда, эл аралык экологиялык саясаттын гармонизацияланышы аркылуу жетүүгө болот.

Бул тенденция өнүккөн өлкөлөр өздөрүнүн энергетикалык жана сырңелук ресурстарын консервациялоону ылайык көрүп тургандыгы менен биз үчүн өтө кооптуу, бул биринчиси, ал эми экинчиден, дүйнөлүк географиялык провинцияларга сырнелор үчүн баруу, начар өнүккөн өлкөлөрдө жаратылышты коргоо системасын начарлатат; үчүнчүдөн, өзүнүн өлкөлөрүндө технологияларга, товарларга жана өндүрүшкө өз талаптарын коюу менен бирге алар өнүгүп келе жаткан транзиттик өлкөлөргө эскирген технологияларын таңуулайт; төртүнчүдөн, алар эч качан ондогон жылдар бою топтолгон экологиялык кыйынчылыктарды өздөрүнө алышпайт.

Азыркы учурда мындай калпыс абалды жөнгө салуунун жолу илимий-билим системасы жана аны өнүктүрүп-өздөштүрүү болуп эсептелет. Илимге адамзаттын ишмердүүлүгү көбүрөөк басым жасай баштаган сайын, коомдун жаратылышка мамилесинин жаңы тиби калыптана баштайт.

Япониялык окумуштуу И.Фукушимдин айтуусу боюнча экологиялык билим берүүнү жана тарбиялоону кичине кезден эле башташ керек. Япон эли Хиросимадагы жана Нагасакидеги трагедиялардын мисалында тарбия берүү менен рухий дүйнөнү кеңейтет – тереңдетет. Ушундай эле ыкманы Арал жана Чернобылң трагедияларынын мисалында да колдонууга болот.

Экологиялык билимдин көптөгөн өзөктүү идеяларын өткөн кылымдын ойчулдарынын: Руссонун, Гетенин, Гумбольттун эмгектеринен оңой табууга болот. Гедесс биринчилерден болуп учурдагы экологиялык билимге карата жаңы методдорду жана идеяларды иштеп чыккан. Ал жаратылыш аркылуу тактап айтканда анын объектилерин ырааттуу колдонуу менен билим берүүнү сунуш кылган. Жаратылыш обүектилери аркылуу тарбия берүү менен, экологиялык билимдин дисциплиналар аралык мүнөзүн да эстен чыгарбоо максатка ылайыктуу.

Коом менен жаратылыштын өз ара таасир этүүсү объективдүү өнүгөт жана экологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн негизин түзөт. Коом менен табияттын бири-бирин таап-таанышы, же алардын «күрөшү» аркылуу экологиялык аң-сезим калыптанат.



Экологиялык билимди сактоону төрт компонентке бөлүштүрсө болот: илимий, баалуулук, нормативдүүлүк, ишмердүүлүк. Баалуулук – коомдун жана коомдук өнүгүүнүн этабынын экологиялык ориентациясы: максаттар, идеалдар, идеялар жаратылышты универсалдуу баалуулук катары мүнөздөйт. Баалуулуктун компонентери экономикалык жана сырткы экономикалык айлана – чөйрө, ага тийгизген терс таасирлер, аны кайра калыбына келтирүү үчүн келтирилген каражаттар.

Нормативдүүлүк-эстетикалык, нравалык жана укуктук принциптердин системасы. Ал коом менен адамдын жаратылыштык ресурстарга жана жаратылыштык чөйрөгө, адамдардын ден соолугуна мамилесин калыптандырат.

Ишмердүүлүктүн баардык түрлөрү, теориялык жана практикалык формалары – окуу, эмгек, экологиялык маданияттын түзүлүшүндө негизги шарт болуп саналат. Экологиялык ишмердүүлүк өзүнүн мүнөзү боюнча органикалык түрдө жаратылышты, чөйрөнү таанып-билүүнүн логикасын түзөт.

Экологиялык билим берүү татаал процесс, анткени анын мазмуну ар кыл тармактардын тогошуусунан улам жаралат. Анын логикасы тигил же бул маселени түп-тамырынан бери камтып, табигый мүнөзгө ээ. Башкача айтканда онтологиялаштырылган логика универсалдуу гносеологиялык экспликацияны жаратат. Натыйжада экологиялык маданият калыптанып, ал өзүнүн практикалык көрүнүшү экологиялык этикага айланат. Ошентип ишмердүүлүккө айланган экологиялык маданият экологиялык билим берүүдөн азыктанып, өз алдынча экологиялык этика катары аракеттенүү менен кайрадан экологиялик кырдаалдын турукташышына таасир берет. Экологиялык коопсуздуктун пайдубалы түзүлөт. Ал эми экологиялык коопсуздук мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө шарт түзгөндүктөн стратегиялык мүнөзгө ээ.

Рим университетинин профессору В.Джианоминининин пикири боюнча «күнүмдүк экологиялык көз караш» барынан мурда жаратылыштын обүективдүү мыйзам ченемдүүлүгүн аңдай билүүгө негизделиши керек. 1977 – жылы баштап, мурдагы СССР өкмөттүк денгээлинде мектептерде экологиялык билим берүү тууралуу маселе курч коюлган. Тбилисиде өткөн өкмөт аралык конференциясы мектептик билим берүүлөрдү

экологизациялоонун курсун ачууну сунуштаган. Экологизация процесси ойлонуу стилине, дүйнөнү таанып билүү негиздерине тассир этет, ошондуктан ал билим берүү, окутуу программаларынан татыктуу ордун алууга тийиш.

Экологизация процессинин негизи үзүрү бул гуманизм - ал татаал, көп пландуу көрүнүш жана маданий-тарыхый, экологиялык-маданияттык традицияга ээ. Аны турмуштун жашоо образынын бир аспектиси катары кароо зарыл. Гуманизм рухий баалуулуктардын жана идеалдын аныктамасы гана болбостон, биздин жаратылышка болгон мамилелерибиздин гармонизациясы жана ал экология – билим – маданият биримдигинен турат.

Автордун көз карашы боюнча Кыргызстан, өз жолу менен өнүгүүдө, анын тарыхый турпаты, маданияты, менталитети классикалык батыш же чыгыш үлгүлөрү менен жалпылыгы жок. Кыргызстан өзүнүн социалдык маданий башаты боюнча чыгышка жакын болсо да, өзүнүн менталитетине ылайык шарттуу түрдө батышка багыт алган.

Ошондуктан, дүйнөлүк мейкиндикте өз орду бар мамлекет катары Кыргызстан үчүн экологиялык саясатты адекваттуу туура аныктоо олуттуу мааниге ээ, анткени мына ушул талап сакталып, өнүгүү стратегиясы жүзөгө ашат.

Экологиялык саясат, жыйынтыктап айтканда, «табият – коом - адам» училтигинин келечектүү айкалышын камсыз кыла турган приоритеттүү багыт. Ал кылымдар боюу калыптанып келсе да, айрыкча соңку учурда өзгөчө курч абалга жетти, жаңы илимий тармак синергетиканын түшүнүктөрү менен мүнөздөгөндө «флуктуация» менен «бифуркациянын» диалектикалык чеминде турат. Мындай кескин абалдан чыгуунун жолу илим-билим аркылуу коомдун маданий-саясий деңгээлин арттырып, мезгил менен мейкиндиктин тогошуусун толук аңдай билүү зарыл.

**Корутунду:**

Диссертациалык изилдөө көрсөткөндөй экологиялык чөйрө социалдык-саясий, экономикалык жана идеологиялык маани-мазмунга ээ. Табият менен коомдун өз ара алакасынын мындай универсалдуу мүнөзү экологиялык кырдаалдын дүйнө түзүлүштүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөр менен тыгыз байланышта экендигин далилдейт. Экологиялык чөйрөнүн ушул эле онтологиялык өзгөчөлүгү аны глобалдуу саясий кубулушка айландырат.



Изилдөөнүн илимий-методологиялык жагдайларында коом менен жаратылыштын кыйма-чийме мамилесин түптөгөн обүективдүү мыйзам ченемдүүлүктөр, жоболор, парадигмалар жөнүндө сөз жүрсө, анын прикладдык бөлүмүндө Кыргызстандагы терс экологиялык абал конкреттүү-тарыхый ишмердүүлүктүн үзүрү катары анализденип, республикадагы экологиялык сфераны жөнгө салуунун нормативдик укуктук базасы такталды.

Экологиялык саясат саясий, экономикалык, юридикалык жана башка чөйрөлөрдүн мүнөздөмөсү катары түшүндүрүлүп, жаратылыштык ресурстарды рационалдуу түрдө пайдалануунун жолдорун аныктоого аракеттендик. Экологиялык саясат комплекстүү социалдык-экономикалык карама-каршылыктарды эффективдүү жана оптималдуу түргө жөнгө салууга мүмкүнчүлүк берерин ынанымдуу далилдөөгө далалаттандык.

Учурдагы экологиялык проблемалар тигил же бул өлкө менен чектелбестен мамлекеттер аралык коопсуздук үчүн потенциалдык коркунуч жаратууда. Айлана-чөйрө проблемалары калктын миграцияланышына, ресурстардын дефицит болушуна жана конфликттердин келип чыгышына алып келүүдө. Мындай экологиялык тобокелчиликтердин жыйындысы улуттук чек-ченемдин алкагынан чыгып, глобалдуу кризисти жаратышы мүмкүн. Ушундан улам экологиялык бүтүндүүлүк жана коомдук бакубаттуулук соңку саясий процесстердин реформаланышын талап кылат.

Азыркы мезгилде дүйнөлүк экологиялык саясат комплекстүү мүнөзгө ээ эмес, бардык эле өлкөлөрдө, анын ичинде биздин республикада да экологиялык деградацияларга каршы иш-аракеттер илимий негизде иштелип чыккан эмес.

Бүгүнкү күндө экологиялык кризисти болтурбоо үчүн өнүгүүнүн техногендик тибин баардык социалдык-жаратылыштык параметрлердин синтези болгон туруктуу өнүгүүгө алмаштыруу зарылдыгы келип чыкты.

Бул проблеманын гносеологиялык аңызын экологиялык чөйрөнүн универсалдуу мүнөзү түзөт: табият менен тектеш коомдун бардык тармактарынын өзара алакасынан улам жаралган экологиялык кырдаалдын кескин кризистик абалга экокатастрофага кабылбашы үчүн туруктуу өнүүгүнүн мамлекеттер аралык формасы илимий негизде иштелип чыгыш - мезгил койгон курч талап. Албетте, мындай

көпкырдуу татаал иш-чараны жүзөгө ашырыш үчүн дүйнөлүк масштабда тарыхый процесстердин негизинде топтогон тажрыйбаларды жалпылап колдонуу максаты ылайыктуу. Мындай иштин жүзөгө ашышы экологиялык модернизациянын зарылдыгын адекваттуу аңдоого жараша болот.

Кийинки мезгилде түзүлүп, улам курчуп бараткан абалдагы экологиялык кырдаал «табият - коом» тең салмактуулугунун бузулушу, же коомдун табиятка карата үстөмдүгү менен түшүндүрүлөт. Экономикалык кызыкчылыктарга алаксып, чөйрөгө терс салакасын тийгизген чарба жүргүзүү ыкмалары, административдүү-тоталитардык стилдеги ишмердүүлүк, жеке бийлик менен жалпы коомчулуктун ажырышы - экологиялык кризистин онтогенези жана терең ойлонуп иштелип чыккан экологиялык саясаттын жоктугу болуп эсептелет.

Тилекке каршы Кыргызстанда эски чарба жүргүзүүнүн стереотиптери алигиче пайдаланылууда, башкача айтканда мамлекеттик башкарууда советтик тажрыйба колодонулуп келе жатат. Ошондуктан, экологиялык мамлекеттик органдын ыйгарымдуу укуктарын кеңейтүү зарыл жана жаратылышты колдонуунун төмөндөгүдөй факторлорду эске алган идеологиясы - учур талабы:

1) экологиялык проблемаларды чечүүнүн алңтернативдик варианттары;

2)аз калдыктуу жана ресурсту сактоочу технологиялардын өнүгүүсү,

технологиялык өзгөрүүлөр;

3) Жаратылышты түздөн-түз коргоочу конкреттүү иш чаралар, алардын жыйындысы жаратылышты коргоо демилгелеринин эффективдүүлүгүн жогорулатууга негиз болот.

Өлкөдөгү демократиялык өзгөрүү шартында жарандык коомдун ролунун өсүшү жаратылышты коргоо проблемаларынын чечилишине көмөк көрсөтөт. Бирок, тилекке каршы, экологиялык улуттук саясий уюмдар (УСУ) биздин өлкөдө алигиче жетиштүү күчкө айлана элек жана өкмөттүн ишмердүүлүгүнө наараазы.

Калктын жашоо деңгээлинин кескин төмөндөшү, социалдык кепилдиктердин азайышы, жумушсуздуктун көбөйүшү саясий мүмкүнчүлүктөрдү кысып, экологиялык кырдаалдын ого бетер курчушуна алып келиши ыктымал.



Жалпысынан экологиялык саясат, анын табиятын аныктаган экологиялык билим, маданият, коопсуздук өтө татаал коомдук кубулуштар жана алардын мезгил-мезгили менен кескин же ырааттуу курчушу материалдык жана моралдык (нарк-насилдик) кызыкчылыктардын кайчылаш алакалары менен түшүндүрүлөт.

Албетте, бир диссертациянын алкагында бул олуттуу парадигманын бардык маанилүү проблемаларын камтып, алардын маңызын ачып берүү мүмкүн эмес. Изилдөөдөгү айрым фрагменттин, конститациялык мүнөздөгү концептуалдык учурлар ушул аталган жагдай менен түшүндүрүлөт. Бирок ошентсе да изилдөөнүн обүектисинин актуалдуу маселе катары коюлушу, ага илимий коомчулуктун көңүлүн буруу – келечектеги комплекстүү масштабдуу терең изилдөөлөрдүн башаты болот деген ишенич бар.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү илимий макалаларда чагылдырылган:**


1. Охрана окружающей среды Иссык-Кульской области // Охрана окружающей среды и рациональное природопользование. Межреспубликанская научно-теоретическая конференция молодых ученых – Ош, 1990.- С. 86-88
2. Актуальные проблемы развития экологического туризма в Кыргызстане// Особенности развития туризма в горном регионе. Материалы конференции посвященного международному году гор – Бишкек,2002.-С.38-41
3. Экологиялык туризм жана анын Кыргызстандагы келечеги//Особенности развития туризма в горном регионе, материалы конференции посвященного международному году гор, Бишкек,2002,-С. 89-93
4. Экологическая культура в контексте стратегии устойчивого развития // Вестник КГУ им. И.Арабаева. Серия: Естественно-математические науки, Бишкек,2005,Выпуск-4(2)-С. 34-39
5. Образование и воспитание – важный фактор формирования экологической культуры в Кыргызстане // Вестник КГУ им. И.Арабаева. Серия: Естественно – математические науки, Бишкек, 2005,Выпуск-4(2)С. 59-63
6. Государственная экологическая политика в Кыргызской Республике.//Вестник БГУ, Бишкек, 2007,№2(8)-С 156-159
7. Экологические кризисы и формы хозяйственно-культурной адаптации // Вестник КГУ им. И.Арабаева. Серия:Общественные науки, выпуск:10, Бишкек, 2007.-С 140-142

8. Образование и воспитание – стратегма экологической культуры // Вестник КГУ им.И.Арабаева. Серия: Гуманитарные науки, Бишкек,2000,Выпуск:10-С 250-253
9. Образование и воспитание основа формирования экологической культуры. Философско-политологический и духовно-познавательный журнал «Аль-Фараби», Алма-Ата, 2008, №1(21)-С. 65-70
10. Кыргыз Республикасындагы экологиялык саясат // Вестник КГУ им.И.Арабаева. Серия Естественные науки, Бишкек 2008,Выпуск:11-С.244-246.
11. «Экологиялык маданият жөнүндө» //Тил жана котормо Үрүмчү, 2008,№3-12-15 б

**Дүйшөналиев Чынарбектин саясат таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган 23.00.02 – саясий институттар, этносаясий кофликтология, улуттук жана саясий процесстер жана технологиялар адистиги боюнча “Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктүн шартындагы экологиялык саясаты” аттуу темада жазган диссертациянын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** айлана – чөйрө, экология, экологиялык саясат, экологиялык маданият туруктуу өнүгүү, билим берүү жана тарбия, бейөкмөт уюмдар.

Диссертациялык иште экологиялык ойлордун, идеялардын терең мааниси изилденип, экологиялык коопсуздук жана туруктуу өнүгүү жөнүндө түшүнүктүн мааниси чечмеленген. Ар башка өлкөлөрдөгү экологиялык саясаттын өнүгүү экологиясына терең ой жүгүртүлүп, экологиялык коопсуздуктун жана туруктуу өнүгүүнүн административдик, укуктук жана экономикалык рычагдарын камсыздоо үчүн ыңгайлуу механизмдерди пайдалануу боюнча иш чараларга көңүл бөлүнгөн.

Изилдөөнүн прикладдык бөлүмүндө Кыргызстандагы экологиялык ыңгайсыз абал бөлүнүп көрсөтүлүп, өлкөдөгү экологиялык бейөкмөт уюмдардын атуулдук-коомду табиятты сактоо акцияларына үндөгөн ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзүлгөн, ошондой эле Республикадагы экологиялык сфераны жөнгө салуунун нормативдик жана укуктук базасы анализденген.

**РЕЗЮМЕ**

**на диссертационное исследование Дуйшеналиева Чынарбека “Экологическая политика Кыргызской Республики в условиях суверенитета” предоставленной на соискание ученой степени кандидата политических наук по специальности 23.00.02 – политические институты, этнополитическая конфликтология, национальные и политические процессы и технологии.**

**Ключевые слова:** окружающая среда, экология, экологическая политика, экологическая культура, устойчивое развитие, образование и воспитание, неправительственные организации.

В диссертации исследуется широкий круг экологических мыслей, идей, раскрыты значение понятий экологической безопасности и устойчивого развития, проведено ретроспективный анализ эволюции политики по экологии в различных странах, уделив внимание выработке оптимальных механизмов использования административных, правовых и экономических рычагов обеспечения экологической безопасности и устойчивого развития. В прикладной части исследования выявлены истоки сложившейся неблагоприятной экологической ситуации в Кыргызской Республике, проведено анализ деятельности, роли отечественных неправительственных экологических организаций вовлечении в природоохранные акции гражданского общества, а также проанализированы нормативно-правовые базы регулирования экологической сферы в республике.

**SUMMARY**

**to research thesis of Ch. Duishenaliev**

“Ecological politics of the Kyrgyz Republic in sovereignty conditions” on the completion of the academic degree of the political science candidate on the specialty 23.00.02 – political institutes, ethno political conflictology, national political progresses and technologies.

**Key words:** environment, ecology, ecological policy, ecological culture, stable development, education and attitude development, nongovernmental organizations. The thesis researches the extensive sweep of ecological thoughts and ideas, reveals meanings of the ecological security and stable development conceptions, and hold a retrospective analysis of ecological politics’ evolution in different countries devoting attention to the elaboration of the optimal mechanisms for application of administrative legal and economic leverage to ensure ecological security and stable development. The applied part of the research reveals sources for present ecological unfavorable situation in the Kyrgyz Republic, analysis the activities and roie of native nongovernmental ecologically oriented organmizations in environmental measures of the civil society, and analysis the regulatory and legal framework for regulation of the ecological sphere in the republic.